**Республика. ТАРЫХ. Практикалык тур. Калыстар тобу жана илүү үчүн ачкычтар**

*Бардык максималдык балл – 70*

1) **Тарыхый окуянын маанисин аныктоо.**
   Макс. – **25 балл.**

- Катышуучуга 6 пункттан турган жооптун планы сунушталат. Бул пункттардын эсседе чагылдырылышы милдеттүү. Пландын ар бир пунктунун түшүндүрүлүшү үчүн катышуучуга 3 баллдан берилет – **макс. 18 балл.**

1. “Европа идеясын” силер кандай түшүнөсүңөр?
2. Эмне үчүн Рим империясы, Ыйык Рим империясы же Наполеон империясы сыяктуу мамлекеттик бирикмелер Европанын биригишине алып келе алган эмес?
3. Эмне үчүн Ыйык союздун тажрыйбасы көпкө созулган эмес?
4. XX кылымда “Европа идеясын” ишке ашыруунун кандай аракеттери жүргүзүлгөн?
5. ЕБ кандай максат менен түзүлгөн?
6. ЕБнин ишмердүүлүгүндөгү кайсы проблемалар бүгүнкү күндө эң актуалдуу?

- Теманын личносттук кабылданышын чагылдырганы үчүн катышуучуга **2 балл** берилет.
- Маселе боюнча жалпы тыянакты формулировкалаганы үчүн катышуучуга **5 балл** берилет.

**2) Эссе**

«Манас» эпосу – кыргыз элинин тарыхы, этнографиясы жана маданияты боюнча булак. Эссени жазууда “Манас” эпосу тууралуу айтылган төмөнкү сөздөрдү жана эссенин болжолдуу планын эске алгыла.

Макс. – **45 балл**

Тексттин көлөмү – ар кандай типтеги эң аз 30-35 сүйлөм.

| **№**<br><br>**Критерийлер** | **Индикаторлор** | **Балл** |
|---|---|---|
| **1. Эссенин мазмуну** | Катышуучу материалды сунушталган планга жараша баяндайт:<br>1. “Манас” эпосундагы тарыхый мезгил (кайсы тарыхый доорлор эпосто чагылдырылган)<br>2. Кыргыз элинин калыптанышы үчүн “Манас” эпосунун мааниси<br>3. Кыргыз элинин этнографиясынын булагы катары “Манас” эпосу<br>4. Кыргыз элинин руханий маданиятынын “Манас” эпосунда чагылдырылышы<br>5. “Манас” эпосунун кыргыздардын жана Кыргызстан элдеринин азыркы идеологиясындагы жана күнүмдүк жашоосундагы орду<br>6. “Манас” эпосу дүйнөлүк маданиятта | **30 балл** |
| **2. Тыянак** | Катышуучу тыянак чыгарат жана ага сунушталган “Манас” эпосу тууралуу айтылган сөздөргө таянат. | **5 балл** |
| **3. Эссенин чыгармачыл мүнөзү** | Катышуучу теманын личносттук кабылданышын жана түшүнүлүшүн аныктайт. | **5 балл** |
| **4. Катышуучунун ишинин композициялык ирettүүлүгү, тили жана стили.** | Катышуучу иштин эркин композициясы менен бирге ички маанилик бирдиктүүлүктү, б.а., негизги тезис жана ырастоолордун ыраттуулугун сактайт. | **5 балл** |
| | **Бардыгы** | **45 балл** |